| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айылдык кеңешинин II-чакырылышынын I-кезектеги сессиясынын**
**Токтому№1/3**

2024-жылдын 27-ноябры Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагы боюнча үчүнчү Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы ПЖ №271 «Кезектеги III Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгы менен аныкталган 2024-жылдын 20-21-декабрында өтүүчү Кезектеги III Элдик Курултайга айыл аймагынан делегат шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө маселени карап, айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кенешинин I-кезектеги сессиясы,**токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагы боюнча өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын жалпы саны 50 адамдан түзүлсүн;

2. Өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча Куйручук-Кызарт айыл аймагы 1-тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн;

3. Коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык, жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

4. Өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депуттаттарынын тизмеси 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

5. Коомдоштуктардын жыйынын жана өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 11 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4-тиркемеге ылайык бекитилсин;

6. Куйручук-Кызарт айыл аймагында Кезектеги III Элдик курултайдын делегатын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү 5-тиркемеге ылайык бекитилсин;

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**